Бекитем:
Ж. Бөкөнбаев атындагы гимназия-жатак
жалпы билим берүүчү орто мектебинин
директору: И. Ибраимов

**Ж. Бөкөнбаев атындагы гимназия-жатак жалпы билим берүүчү орто мектебинин профилактикалык кеңешмеси жөнүндөгү ЖОБО**

**1. Жалпы жоболор**

**1. Жалпы жоболор.**

1.1 Мектепте профилактикалык кеңешме тартип бузуунун алдын алуу, окуучулардын окуу денгээлин жана жүрүм — турумун жакшыртуу максатында өтүлөт.

1.2.Профилактикалык кеңешменин мүчөлөрү мектеп директорунун атайын буйругу менен бекитилет.

1.3.Кеңешменин мүчөлөрү мектеп администрациясынын мүчөлөрүнөн, социалдык педагог, ИДН кызматкери , МАБдын өкүлү, ата-энелерден турат.

1.4.Профилактикалык кеңешменин төрагасы (төрайымы), катчысы бекитилет.

**2. Профилактикалык кеңешменин милдеттери:**

2.1.Окуучулардагы ар кандай укук бузуучулук жүрүм-турумдун алдын алуу;

2.2.Укук бузгандардын жүрүм-турумун түзөтүү жагдайына буруу;

2.3.Окуучулар арасындагы өз ара келишпестик мамилелерди жөнгө салуу;

2.4.Окуучулардын окууга болгон мамилесин жакшыртуу;

2.5.Окуучулардын жүрүм - турумун жана окуусун ата-энелердин жоопкерчилигин күчөтүү:

2.6.Окуучуларга жана ата-энелерге түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;

2.7.Окуу-тарбия иштериндеги аныкталган кемчилдиктерди жоюу.

**3.Профилактикальк кенешменин укуктары:**

3.1 Үй-бүлөөдөгү кээ бир маселелердин чечилишине жардам берүүгө;

3.2.Окуучуларга жана ата-энелерге тиешелүү сунуштарды киргизүүгө;

3.3.Окуучуларга жана ата-энелерге мектептин уставына ылайык иш жүргүзүүнү талап кылууга;

3.4.Окуучунун тартип бузуу денгээлине ылайык чара колдонууга (мектептин ички көзөмөлүнө коюууга, ИДНдин көзөмөлүүнө сунуштоого жана медико-психологияльж комиссияга сунуштоого).

**4.Профилактикалык кеңештин жүрүшүн уюштуруу:**

4.1.Профилактикалык кеңеш болор күнү алдын ала директор алдынлагы кеңешмеде белгиленип, өндүрүштүк кеңешмеде класс жетекчилер эскертилет.

4.2.Кеңешке айына бир жолу, же зарыл болгон учурда андан дагы көп кечиктирилбей каралат

4.3.Профилактикалык кеңешмеде каралуучу окуучуларга жана анын ата-энелерине прафилактикалык кеңеш болор күнү, убактысы алдын ала класс жетекчиси тарабынан билдирилет;

4.4.Прафилактикалык кеңешмеде каралып жаткан окуучу ата-энеси менен. же болбосо окуучуга жооптуу адам менен жана класс жетекчиси болуп чогуу киришет;

4.5.Кеңешмеде каралып жаткан окуучу жөнүндө директордун тарбия иштери боюнча орун басары, же болбосо ИДН кызматкери билдирүү жасайт;

4.6.Класс жетекчи окуучуга кыскача мүнөздөмө берет;

4.7.Эгерде окуучу кайсы бир предметен жетишпей жаткан болсо, предметтик мугалим кошо катышып, окуучунун предмети өздөштүрүү денгээли жөнүндө маалымат берет.

4.8.Каралып жаткан маселе профилактикалык кеңешменин мүчөлөрү, ата-энелер менен бирге талкуулап, себептери аныкталат;

4.9.Профилактикалык кеңешменин жүрүшү жана чечимдери катчы тарабынан протоколго түшүрүлүп, көзөмөлгө коюлган окуучунун мөөнөтү белгиленет.